«Кызыл гүлүм ай»

Сөзү: Галиев Ибрагим

Обону: Галиев Ибрагим

Бак ичинде жүрөсүң күлүп-жайнап,

Бажырайган көздөрүң алды арбап.

Байкабадың жанымдан өтүп жатып,

Бажырайган кызыл гүл колго кармап.

Кайырма:

Кызыл гүлүм ай, кызыктырдың ай,

Аппак гүлүм ай, алгач сүйүүм ай.

Көлөкөдө жүрөсүң күлүп-жайнап,

Көңүлүңдү койбодуң го мага арнап.

Чоктой беле көздөрүң күйүп-жанган,

Гүлдөрүңдөн сунуп кой мага арнап.

Кайырма:

Гүл жытына мас болуп термелемин,

Ок аткандай мен өзүңө сермелемин.

Кокус сени чочутуп албайын деп,

Арт жагыңан акмалап мен келемин.

Иманалиева Айчурек Асылбековна